5. Арнольд И.В. Семантическая структура слова в современном английском языке и методика ее исследования. 1966., С.160
6. Шмелев Д.Н. Очерки по семасиологии русского языка. 1977. С.293
7. Ларин Б.А. Очерки по фразеологии. 1956. С.202
8. Копыленко М.М., Попова З.Д. Очерки по общей фразеологии 1972.

**Рецензент: к.ф.н., и.о. доцента Осомоналиев М.А.**

УДК 81’33

**Ниязова Гульзина Таштанбековна**
Магистрант КГУ им. И.Арабаева

## ОРОНИМДЕРДИН УЛУТТУК АҢ-СЕЗИМГЕ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

## НЕПОСРЕДСТВЕННОЕ ВЛИЯНИЕ ОРОНИМОВ НА ЭТНИЧЕСКОЕ САМОСОЗНАНИЕ НОСИТЕЛЕЙ

## DIRECT INFLUENCE OF ORONIMS ON ETHNIC SELF-CONSCIOUSNESS OF CARRIERS

**Аннотация:** Бул макалада автор оронимдердин лингвоконцептуалдык негиздеги илимий онтологиялык мазмунун ар тараптуу терен изилдөө менен биргеликте улуттук ан-сезимдин элдин тили менен эриш-аркак өнүгө тургандыгына токтолгон. Бир эле мезгилде оронимдер аркылуу тилди алып жүрүүчү элдин дүйнө кабылдоосу айкын чагылдырылып, ар бир чөлкөмдүн лингвистикалык картинасы улуттук ан-сезимдин калыптануусуна өбөлгө боло тургандыгы теориялык жактан терен талдоого алынган.

**Аннотация:** В этой статье автором анализирована научно-антологическая значимость собственных имен географических объектов и комплексно исследовано лингвоконцептуальное содержание оронимов как основы миропонимания носителя как таковой. В то же время, на конкретных примерах показаны взаимосвязь исторического развития национального языкового сознания с формированием лингвистической картины определенной территории, т. е. оронимическим ареалом.

**Annotation**: In this article, the author argues that cognitive linguistics is the theoretical basis of expression of anthropological problems.

It shows a close relationship world-acceptance of human, cognition, worldview, stored in memory, as well as the inheritance in other mental side of cognitive linguistics language with anthropology.

**Түйүндүү сөздөр:** этимон, ороним, ороним, когнитивдик лингвистика, концепт, этномаданият, лингвоконцептуалдык кабылдоо, концептосфера, когнитив, фрейм, жаратуучу грамматика, психолингвистика, дүйнө туйюму, эске тутуу, планетардык форма, изафет.

**Ключевые слова:** этимон, ороним, ороним, когнитивная лингвистика, концепт, этнокультура, лингвоконцептуальное восприятие, концептосфера, когнитив, фрейм, пораждающая грамматика, психолингвистика, мировозрение, этническая память, планетарная форма, изафет.

**Keywords:** toponim, athimon, cognitive linguistics, concept, ethnic culture, lingvokulturologi aspect, psycholinguistics, perception of the world, stored in the memory.

Оронимдердин тарыхтын эн бир ишенимдүү далили боло ала тургандыгы жана кыргыз тилин терен изилдөөдө негизги таяныч, илимий табылга катарында кызмат кыла тургандыгы менен байланышкан (1,4-16). Мына ошондой эле азыркы Нарын аймагында жолуккан оронимдер жалпы эле кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн (6,18), ошонун ичинде, кыргыз тилинин тарыхына тиешеси бар баалуу фактылардын булагы болуп саналат. Биз изилдөөбүздө азыркы мезгилдин заманбап талабы болгон Нарында жолуккан кээ бир оронимдердин этимологиясына, структурасына жана маанисине кайрылабыз. Аталган лингвистикалык жана тарыхый мыйзам ченемдүүлүк биздин темабыздын актуалдуулугунун негизи экендигин белгилеп кете алабыз.

Азыркы Нарында жашаган жергиликтүү калк жалпы эле түрк урууларына, алардын тилине жакындыгы бар экендиги жана эски түрк тилдик абалынан сакталып калган элементтерди алып жүрө тургандыгы бизге белгилүү болду (1,10). Нарын оронимиясынын мындай лингвистикалык уникалдуулугу жалпы эле кыргыз элинин жана тилинин тарыхындагы көз жаздымда калган маанилүү жактарын айкындамакчы. Мына ушул себептен да өз учурунун белгилүү тилчиси жана тарыхчысы А. Д. Хромов «Топонимия Верхнего Зеравшана» деп аталган эмгегинде алгачкы кылымдарда эле кыргыз уруулары Памир тоо кыркаларын жердегендигин эскерет (40). Ошондуктан азыркы геосаясаттын шартында жана кыргыз элинин жана тилинин тарыхында орчундуу маселе болгон Нарын оронимиясы актуалдуу бойдон кала берет. Кыргыз уруулары жалпы эле евразия континентиндеги түпкүлүктүү жана байыркылардан болуп саналат (12). Ошондой эле кыргыз уруулары башка системадагы тилди алып жүрүүчү элдер менен маданий-экономикалык карым-катнашта болушуп, алардын тилдик маданиятынын өнүгүүсүнө өз таасирин көрсөтө алган. Арийне, тилдик толеранттуулуктун белгиси катарында башка тилдерден кирген, айрыкча, флективдүү тилдерден кирген оронимдерди түрк уруулары кенири колдонгон. Мындай тарыхый жагдай азыркы Кыргызстандын оронимиясындагы айырмачылыктарга негиз болгон. Белгилүү тарыхчы В.П.Алексеев өз эмгегинде «маданият бир гана экономикалык ишмердүүлүк аркылуу гана берилбестен, лингвистикалык элементтердин таралуусу жана географиялык, диний, социалдык процесстердин эриш аркак өнүгүүсү менен да мүнөздөлөт» - деген пикирин айтат (5,59). Албетте кыргыз тилиндеги активдүү оронимдерди монгол жана ислам дини менен байланыштыруу бир жактуу гана кабылдоо болуп саналат. Анткени алтай дооруна тиешелүү болуп саналган көп сандаган оронимдер жана оролексемалар уруулардын өз ара карым катнашы, тилдик маданияты камыр-жумур болуп бир тутумга айлануусун чагылдырат. Ошондуктан кыргыз тилиндеги оронимдерди окуп үйрөнүү, аны илимий жактан жеткиликтүү изилдөө түрк элдеринин мыйзам ченемдүү өнүгүү тарыхындагы маанилүү этап болуп саналат. Нарын обулусундагы жалпы оролексемалардын жана конкреттүү жер-суу аттарынын фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык табиятын терен талдоого алуу. Ошондой эле Нарын оронимиясындагы топоформанттарга негизделген оронимдер жалан гана экономикалык жана диний максаттагы көрүнүш болуп саналбастан, тилдик маданияттын жетишкендиги катарында кароо. Бир эле мезгилде түрк тилинде сүйлөгөн өлкөлөрдүн тилдик саясатын бекемдөө жана кыргыз тилин өнүктүрүүгө салым кошуу катарында оронимдердин каталогун түзүү, Кыргызстандагы элдердин ортосундагы тилдик, экономикалын жана маданий байланышты өркүндөтүү.

Ошондой эле Нарын оронимдеринен биз өзүбүздүн ата-бабаларыбыздын этно-тарыхын, философия менен маданиятын, социалдык, мамлекеттик түзүлүшүн жана тилинин калыптанышынын, өнүгүүсүнүн тилдик өзгөчөлүгүн баамдоого мүмкүнчүлүк алабыз (22). Жалпы оронимдик катмарды мүнөздөгөн оронимдер кыргыз тилинин өнүгүү этабында тыбыштык адаптацияны гана башынан өткөрүп тим болбостон, фонетикалык жактан калыптануусун улунтат. Оронимдердин сырткы тыбыштык оболочкасындагы түрдүү өзгөрүүлөр түрк тилдеринин структуралык ички мыйзамдарына карай ишке ашырылып, грамматикалык жактан тариздeлген. Мисалы үчүн байыркы түрк тилдик абалын чагылдырган **активдүү нарын, тағ//тоо, ғыр//кыр** оролексемалары **тилдик чөйрөгө жана ареалдык өзгөчөлүккө жараша колдонулуп**, түрдүү варианттарында жолугат. Мисалы, Кыргызстандын түндүк бөлүгүндө ***Кыр, Молотоо, Кара-Кыр, Тар-Тоо*** д. б. с. жолукса, түштүк тарабында Гар-Булак, Кыра-Сай, Гары-Жар түрүндө арбын жолугат. Ал эми бул топонегиздин архетиби, б. а. этимону болуп саналган байыркы түрк тилиндеги ***тағ***, жана ***ғыр*** оронимдери азыркы күнгө чейин ички формасын жоготпогон менен тыбыштык жактан олуттуу өзгөрүүлөргө учураган. Мындай тыбыштык жактан болгон алгачкы, же болбосо сырткы өзгөрүүнү Н. Жапаров өз изилдөөлөрүндө кыргыз тили тарабынан арткы тандайчыл ***ғ*** тыбышынын нейтралдашуусу менен түшүндүрөт (10,3-6). Ошондой эле изилдөөчүнүн ою боюнча байыркы түрк тилине мүнөздүү болгон ***ғ*** артчыл үнсүзү мыйзам ченемдүү фонетикалык көрүнүш болуп саналгандыктан, кала берсе сөз курамынын бардык позицияларында адаптацияга учурайт (11). Мисалы, саан <сағын; жаан<жағын; суу<суғ ж. б. Ошол эле учурда Нарын Оронимиясында азыркы күнгө дейре өз активдүүлүгүн сактаган ***Гар*** оронимин кыргыз топопнимиясындагы ***кыр*** оронимининин синоними катарында жолуктурабыз.

Биз үчүн оронимдердин тилдик материалдары өзгөчө баалуу. Ошондуктан аларды ар тармактуу изилдөө муктаждыгы жана анын актуалдуулугу да ушул маселеге тикеден тике байланыштуу.

Түштүк Кыргызстандын Баткен, Ош, Жалал-Абад областарындагы тилдик өзгөчөлүктөр Нарын оронимиясында кенири орун алган (22). Бул жагдай да кыргыз тилинин тарыхый жактан өнүгүшүнө Нарын оронимиясынын тикеден тике тиешеси бар экендигинен кабар берет. кирет.

1940-жылы Мурзаевдин «Памир кыргыздарынын географиялык терминдери» аттуу статьясынын чыгышы менен Кыргызстандын оронимиясын изилдөө башталган деп айтсак болот (15,3-9). Ал мындай деген: «географиялык терминдерде кыргыздардын тарыхы, анын башка тилдер менен, түрк, монгол тилдери менен байланышы берилет. Кыргыздар тили менен кошо Сибир жана Монголиядан кызыктуу географиялык терминдерди алып келишкен, ал аталыштар башка жерлерде кездешпейт. Ал аталыштар Алтай, Чыгыш Сибир, Монгол элдерине таандык». Окумуштуунун айткандары Нарын оронимиясына да тиешелүү болуп ишибиздин заманбап экендигинин далили катарында кызмат кылат (3).

**Адабияттардын тизмеси:**


1. Бартольд В.В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 1996. 608с.
2. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана I. Б., 1997. 560с.
3. Дербишева З.К. К проблеме языковой концептуализации мира (на материале сопоставления русских и киргизских концептов)//Русский языков в обществе народов СНГ. Бишкек, 2008, 52-5.

4. Карасик В.И., Слышкин Г.Г. Базовые характеристики лингвокультурных концептов: Антология концептов, Волгоград, 2005.
5. Ляпин С.Х. Концептология: к становлению подхода и концептов//Научные труды Центроконцепта. Вып.1, Архангельск., 1997.
6. Попова З.Д., И.А Стеркин. Основные черты семантико-когнитивного подхода к языку: Антология концептов. 2005, Волгоград
7. И.П.Магидович. История географических открытий. М., 1969. 285 б.
8. Марко Поло. Путешествие. Ленинград, 1940.
9. Майзель С.С. Изафет в турецком языке [Текст] / С.С.Майзель. - М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1957. – 187 с.
10. Махмуд Кашгари. Девони луготит турк. Г.Абдурахмонов ва Муталлибовлар иштироки ва тахрири астида. 3-том, -«Фан» Ташкент, 1967. 404-405бб.

**Рецензент: ф.и.к., доцент Н.Р.Жапаров**

УДК 81’33

**Ниязова Гульзина Таштанбекована**
Магистрант КГУ им. И.Арабаева

## НАРЫН ОРОНИМИЯСЫНЫН ТАРЫХЫЙ ЭВОЛЮЦИЯСЫ

## ИСТОРИЧЕСКАЯ ЭВОЛЮЦИЯ НАРЫНСКОЙ ОРОНИМИИ

## HISTORICAL EVOLUTION OF NARYN ORONIMIA

**Аннотация:** Макалада, негизинен, Нарын оронимиясында жолугуучу жер-суу аталыштарынын тилдик өзгөчөлүктөрү лингвистикалык планда кеңири талдоого алынды. Белгилүү болгондой эле оронимдер тилдик курамдын байыркы катмарын сактап калуу менен биргеликте элдин тарыхый калыптануусу, басып өткөн жолу жана менталдуулугу менен тыгыз байланышта болуп келет. Ошондуктан аталган макалада оронимдердин составындагы байыркы лексемалар тилдин концептуалдук негизин түзгөн система катарында ар тараптан изилдөөгө алынды.

**Аннотация:** В этой статье анализируются, в лингвистическом плане, специфические особенности древних оронимов на примере нескольких местных названий в системе оронимического ареала Нарын. Общеизвестно, что оронимы представляя собой древнюю систему лексического фонда языковой структуры как таковой и тесно связаны историческим формированием культуры, лингвистической ментальности носителя. Оронимы являются историческими словами, сохранившие более древние значения до сих пор. Следовательно в этой статье анализируются, в первую очередь, концептуальные основы оронимов киргизского языка на примере оронимии Нарын.

**Annotation:** These articles exoplanet or usually focus on one specific Kyrgyz oronyms, for example several local toponyms of area Narun. If course, place names (certain, oronyms) very historical words and continuing ancient relicts Kyrgyz language. It also provides the reader a glimpse at Kyrgyz history and culture through Kyrgyz oronyms. In addition to the new examples